**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Тилек Алмазбекович Алмазбековдун кайрылуусуна байланыштуу "Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-1-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча

# Ч Е Ч И М И

2026-жылдын 7-апрели Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы К.Маамыталы кызынын;

кайрылуучу тарап – Тилек Алмазбекович Алмазбековдун;

жоопкер тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Айдарбек Касымалиевич Осмоновдун,

үчүнчү жактар – Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Алмазбек Тавалдыевич Молдобаевдин, Кыргыз

Республикасынын Президентине караштуу жарандык маселелери боюнча Комиссиянын өкүлдөрү Улугбек Абдималикович Шукурбековдун, Александра Владимировна Пискур-Хамидованын, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлдөрү Омор уулу Айбектин, Мээрим Марсбековна Марсбекованын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кызмат" мамлекеттик мекемесинин өкүлү Эрнес Кубанычбекович Досалиевдин, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин ишеним кат боюнча өкүлдөрү Жоомарт Равшанович Балтабаевдин, Адинай Куванычбековна Курбанованын, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлү Откурбек Жунусович Нурматовдун, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Аязбек Доолосбекович Джаркынбаевдин, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын ишеним кат боюнча өкүлү Айнура Курманбековна Иманалиеванын, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлү Жылдыз Эмилбековна Кожобекованын, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмендин) ишеним кат боюнча өкүлү Айчүрок Калыбековна Назаралиеванын катышуусунда,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүн, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 17, 40, 45-беренелерин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-1-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык сот отурумунда карап чыкты.

Бул ишти кароого Т.А. Алмазбековдун кайрылуусу, ошондой эле талашылып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясына

ылайык келеби деген маселеде келип чыккан аныксыздык себеп жана негиз болду.

Ишти соттук отурумга кароого даярдаган судья-баяндамачы Л.Ч. Жолдошеванын маалыматын, тараптардын жана үчүнчү жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп, ошондой эле иштин материалдарын изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, 4 жана 5-бөлүктөрүн, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 48, 49, 52 жана 53-беренелерин жечекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2025-жылдын 5-сентябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Т.А. Алмазбековдун “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-1-пунктунун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнө, 51-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Талашылып жаткан жобо, эгерде туулгандыгы боюнча Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналбаган, Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуунун натыйжасында Кыргыз Республикасынын жарандыгын алган Кыргыз Республикасынын жараны Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна коркунуч келтирген ишти жүргүзгөн, же чет мамлекеттин аракеттеги аскердик кызматында, укук коргоо органдарында же атайын кызмат органдарында кызматта турган учурда Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготоорун карайт.

Арыз ээсинин негизги жүйөсү талашылып жаткан ченемде “Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна коркунуч келтирген ишти жүргүзсө” деген туюнтманын колдонулушуна байланыштуу. Т.А.

Алмазбековдун пикири боюнча, бул туюнтма өтө кеңири маанини камтыган, баалоочу жана анык эмес мүнөзгө ээ, анткени “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Мыйзам анын мазмунун ачып бербейт жана аны колдонуунун конкреттүү критерийлерин белгилебейт. Ушуга байланыштуу арыз ээси талашылып жаткан жөнгө салуу укук колдонуучуга кеңири кароо эркиндигин берет жана жарандыкты өзүм билемдик менен токтотуу тобкелдигин жаратат деп эсептейт.

Т.А. Алмазбеков Конституциянын 23-беренесине шилтеме жасап, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин чектөөгө конституциялык мааниге ээ максаттарда гана жана мындай максаттарга жетүү үчүн зарыл болгон чектерде жол берилерин белгилейт. Анын пикири боюнча, талашылып жаткан жөнгө салуу улуттук коопсуздукту коргоо максаты менен формалдуу байланышкан, бирок тиешелүү чектөөнүн мазмунун, анын чектерин жана колдонуу шарттарын ачып бербейт. Мында арыз ээси көрсөтүлгөн максатка жетүү адамдын жарандыкты алуу ыкмасына карабастан колдонулуучу мыйзамдарда каралган кылмыш-жаза, административдик жана башка юридикалык жоопкерчилик чаралары менен камсыз кылынышы мүмкүн экендигин көрсөтөт. Ушуга байланыштуу ал жарандыкты токтотуу зарылчылык талабына жооп бербейт жана өлчөмдөш эмес кесепет болуп саналат деп эсептейт.

Арыз ээси өзүнчө талашылып жаткан жобонун Конституциянын 51-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык келүүсү жөнүндө маселеси коет, ага ылайык Кыргыз Республикасынын бир да жараны өз жарандыгынан ажыратылышы мүмкүн эмес. Анын пикири боюнча, Мыйзамда “жарандыкты жоготуу” деген термин колдонулганына карабастан, каралып жаткан чара өзүнүн укуктук табияты боюнча иш жүзүндө жарандыктан ажыратуу болуп саналат, анткени ал адамдын ыктыярдуу эрк билдирүүсүз колдонулат, анын жүрүм-турумуна берилген баага негизделет жана жарандын мамлекет менен болгон туруктуу укуктук байланышынын токтотулушуна алып келет. Арыз ээсинин пикири

боюнча, мындай чара санкциялык мүнөзгө ээ жана жарансыздык абалынын келип чыгышына алып келиши мүмкүн.

Мындан тышкары, Т.А. Алмазбеков жарандыкты алуу негизине жараша Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктук абалында негизсиз айырмачылык бар экендигин көрсөтөт. Ал туулгандыгы боюнча Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналган адамдарга жарандыкты жоготуунун көрсөтүлгөн негизи колдонулбайт, ал эми жарандыкка кабыл алуунун натыйжасында жарандыкты алган жарандар салыштырмалуу бирдей жүрүм-турумда мындай кесепетке дуушар болушу мүмкүн деп эсептейт. Ушуга байланыштуу, кайрылуу субъектисинин ырастоосу боюнча, талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасынын жарандыгын алган адамдарды укуктук жактан кыйла аз корголгон абалга коет.

Өзүнүн позициясын тастыктоо үчүн арыз ээси, ошондой эле адам укуктары жана жарандык жаатындагы эл аралык стандарттарга, анын ичинде мыйзам алдында теңдештик, басмырлоого жол берилбестиктин, жарандыктан өзүм билемдик менен ажыратууга тыюу салуу жана жарансыздыкты алдын алуу кепилдиктерине шилтеме жасайт.

Келтирилген жүйөлөрдү эске алуу менен, Т.А. Алмазбеков ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 14-майындагы, 2018-жылдын 19-сентябрындагы, 2018-жылдын 1-ноябрындагы, 2020-жылдын 16-декабрындагы жана 2021-жылдын 24-февралындагы укуктук позицияларына көңүл бурат. Аларда мыйзамдуулук, укуктук аныктык, укуктар менен эркиндиктерди чектөөнүн өлчөмдөштүгү принциптерин сактоо зарылдыгы, ошондой эле мамлекеттин адамдын негизги укуктарынын чөйрөсүнө өзүм билемдик менен кийлигишүүсүнө жол берилбестиги жөнүндө мамилелер билдирилген.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде арыз ээси “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Мыйзамдын 26-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-1-пунктун Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну өтүнөт.

Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2025-жылдын 6-октябрындагы аныктамасы менен Т.А.Алмазбековдун өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынган.

Жоопкер тараптын атынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү А.К. Осмонов өтүнүч ээсинин жүйөлөрүнө макул эместигин билдирип, талашылып жаткан ченем Конституцияга карама-каршы келбейт деп эсептейт.

Өзүнүн позициясын негиздөөдө ал талашылып жаткан ченемдин жоболору Конституциянын 23-беренесинин 2-бөлүгүн аткаруу максатында кабыл алынгандыгын белгилейт, ага ылайык өлчөмдөштүк принциби сакталган шартта улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын сактоо, ошондой эле башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин мыйзам чектөөгө жол берет.

Жоопкер-тараптын өкүлүнүн пикири боюнча, талашылып жаткан жөнгө салуу мамлекеттин конституциялык мааниге ээ таламдарын коргоого багытталгандыгын жана улуттук коопсуздукту камсыз кылуу зарылдыгы менен шартталган өзгөчө чаранын колдонулушун белгилейт.

Бул жүйөнү негиздөөнү улантып, А.К. Осмонов жарандыкты алынгандан кийин адамдын улуттук коопсуздукка коркунуч жараткан ишке тиешеси бар экендигин күбөлөндүргөн жагдайлар аныкталышы мүмкүн экендигин белгилейт. Анын пикири боюнча, мындай жагдайларга мыйзамда каралган чара көрүү механизминин жоктугу мамлекеттин эгемендүүлүгүн, конституциялык түзүлүшүн жана башка турмуштук маанилүү кызыкчылыктарын натыйжалуу коргоого тоскоолдук болушу мүмкүн.

Мындан тышкары, ал кылмыш-жаза-укуктук механизмдерди гана колдонуу мамлекеттик сырды түзгөн маалыматтарга жетүү мүмкүнчүлүгүнө же мамлекеттин ички процесстерине таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу коркунучтарды дайыма эле нейтралдаштырууга мүмкүндүк

бербейт деп эсептейт. Ушуга байланыштуу, каралып жаткан учурда жарандыкты жоготуу жазалоочу мүнөзгө ээ болбостон, тескерисинче улуттук коопсуздукту коргоого багытталат.

Ушундан улам А.К. Осмонов, эгерде мындай укуктук жөнгө салуу конституциялык мааниге ээ максаттарды көздөсө, өлчөмдөштүк принцибине жооп берсе жана басмырлоочу мүнөзгө ээ болбосо, мыйзам чыгаруучу жарандыкты токтотуунун негиздерин белгилөөдө аны натуралдаштыруу тартибинде алуунун өзгөчөлүктөрүн эске алууга укуктуу деп эсептейт.

Жоопкер-тараптын өкүлү арыз ээсинин укуктук анык эместик жөнүндө жүйөлөрүн негизсиз деп эсептейт. Ал "улуттук коопсуздукка коркунуч" түшүнүгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бекитилгендигин жана улуттук коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актылар менен системалуу өз ара байланышта колдонулууга тийиш экендигин белгилейт.

Мындан тышкары, А.К. Осмонов мыйзамда каралган процесстик кепилдиктердин бар экендигине, анын ичинде чечимдин Кыргыз Республикасынын Президенти кабыл алынышына жана аны кийин сот тартибинде даттануу мүмкүнчүлүгүнө камсыз кылынгандыгына көңүл бурат, бул, жоопкер-тараптын пикири боюнча, талашылып жаткан ченемдин өзүм билемдик менен колдонулушун жокко чыгарат.

Өзүнүн позициясын ырастоо үчүн ал ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын укуктук позицияларына шилтеме кылат, аларга ылайык мамлекет мыйзамдуулук, өлчөмдөштүк принциптерин жана адам укуктарынын чөйрөсүнө өзүм билемдик менен кийлигишүүгө жол берилбестик талабын сактоо шартында конституциялык түзүлүштү жана улуттук коопсуздукту коргоо максатында жарандыкты токтотуунун негиздерин белгилөөгө укуктуу.

Мындан тышкары, А.К. Осмонов эл аралык стандарттар, анын ичинде 1961-жылдагы Жарансыздыкты кыскартуу жөнүндө конвенциянын жоболору зарыл болгон укуктук кепилдиктер сакталган шартта мамлекеттин

кызыкчылыктарына олуттуу зыян келтирилген учурларда жарандыкты натуралдаштыруу тартибинде алган адамдардын жарандыгын жоготуу мүмкүнчүлүгүнө жол берерин белгилейт.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен жоопкер-тараптын өкүлү талашылып жаткан ченем өзгөчө мүнөзгө ээ экендигин, анын автоматтык түрдө колдонулушун болжолдобой тургандыгын, инсандын укуктары менен мамлекеттин кызыкчылыктарынын ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылууга багытталгандыгын жана, эреже катары, чет мамлекет менен башка укуктук байланышы бар адамдарга карата колдонуларын, бул жарансыздык абалынын келип чыгуу тобокелдигин азайтарын белгилейт.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү А.Т. Молдобаев да кайрылууда келтирилген жүйөлөргө макул эместигин билдирип, өзүнүн укуктук позициясында жоопкер-тарап келтирген жүйөлөргө окшош жүйөлөрдү келтирген.

Ошону менен бирге ал Конституциянын 23-беренесинин 1-бөлүгүндөгү укуктары менен эркиндиктеринин төрөлгөндөн тартып ажыратылгыс экендигин бекиткен жоболору натуралдаштыруу тартибинде алынган жарандыкка жайылтылбай тургандыгын кошумча белгилеген, анткени бул учурда сөз тубаса эмес, жарандыкка кабыл алуунун натыйжасында алынган укуктук статус жөнүндө болуп жатат.

Муну жүйөлөштүрүүдө А.Т. Молдобаев “Улуттук коопсуздук жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболоруна көңүлдү бурду, аларга ылайык улуттук коопсуздук инсандын, коомдун жана мамлекеттин турмуштук маанилүү кызыкчылыктарынын ички жана тышкы коркунучтардан корголгон абалын билдирет. Анын пикири боюнча, талашылып жаткан ченем дал ушул көрсөтүлгөн мыйзамдар менен системалуу өз ара байланышта чечмеленүүгө жана колдонулууга тийиш.

Ошону менен катар ал Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгү менен кепилденген соттук коргонууга болгон укук жарандыкты жоготууга

байланыштуу мамилелерге да толук көлөмдө жайылтыларын белгилеген. Ушуга байланыштуу ал жарандык маселелери боюнча чечимдер Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кабыл алынарын жана аларга сот тартибинде, анын ичинде жарандыгын жоготкон адамдар тарабынан да даттанылышы мүмкүн экендигине көңүлдү бурду.

Ошондой эле Президенттин жана Министрлер Кабинетинин өкүлү талашылып жаткан укуктук жөнгө салуу адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарга карама-каршы келбейт деп эсептейт.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен А.Т. Молдобаев талашылып жаткан ченем Конституцияга карама-каршы келбейт деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигинин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу “Кызмат” мамлекеттик мекемесинин өкүлдөрү жоопкер-тараптын позициясын колдоп, улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун зарылдыгын жана жарандыкты натуралдаштыруу тартибинде алган адамдарга карата атайын укуктук механизмдерин белгилөөгө жол берилерин белгилешкен.

Мында Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин өкүлү улуттук коопсуздук чөйрөсүндө баалоочу түшүнүктөрдүн колдонулушу объективдүү негизделгендигин белгиледи, анткени аларды ашкере деталдаштыруу мамлекеттин улам өзгөрүп туруучу коркунучтарга, анын ичинде трансулуттук мүнөздөгү коркунучтарга натыйжалуу чара көрүү мүмкүнчүлүгүн чектеши мүмкүн экендигин көрсөткөн.

Өз кезегинде Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу “Кызмат” мамлекеттик мекемесинин өкүлү Э.К. Досалиев тиешелүү механизм укуктук жөнгө салуудагы боштуктарды жоюу максатында киргизилгендигин жана жарансыздык абалдын автоматтык түрдө пайда болушун жокко чыгаруучу, компетенттүү мамлекеттик органдардын катышуусундагы көп баскычтуу жол-жобонун алкагында жүзөгө ашырыларын белгиледи.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жарандык маселелери боюнча комиссиянын катчылыгынын өкүлү “жарандыктан ажыратуу” жана “жарандыкты жоготуу” түшүнүктөрүн айырмалоонун зарылдыгын белгилеп, каралып жаткан учурда жарандыкты токтотуу юридикалык жоопкерчилик чарасынын мүнөзүнө ээ болбостон, адамдын тиешелүү укуктук статусунун сакталышына таасир этүүчү юридикалык мааниге ээ жагдайлардын болушу менен шартталгандыгын көрсөттү.

Юстиция министрлигинин туруктуу өкүлү А.Д. Джаркынбаев талашылып жаткан укуктук жөнгө салууну мамлекеттин улуттук коопсуздукту камсыз кылуу боюнча эгемен укугу менен инсандын укуктук статусунун туруктуулугунун кепилдиктерин сактоо зарылдыгы сыяктуу конституциялык мааниге ээ эки негиздин кесилишинде турган жөнгө салуу катары мүнөздөдү. Ушуга байланыштуу ал укуктардын бузулушунун мүмкүн болуучу тобокелдиктери ченемдин өзүнүн мазмунуна караганда аны укук колдонууда чечмелөөнүн чектери менен көбүрөөк байланыштуу болушу мүмкүн экендигин белгилеп, анын пикири боюнча, тиешелүү конституциялык-укуктук багыттарды калыптандыруунун зарылдыгын шарттай тургандыгын көрсөттү.

Тышкы иштер министрлигинин өкүлү Ж.Э. Кожобекова адам укуктары жана жарандык жаатындагы эл аралык-укуктук стандарттарга шилтеме жасап, жарандыктан өзүм билемдик менен ажыратууга жол берилбөө принциби жетиштүү деңгээлдеги укуктук аныктуулуктун болушун,

өлчөмдөштүк принцибинин сакталышын жана натыйжалуу даттануу укугун камсыз кылууну болжой тургандыгын белгиледи.

Өзүнүн позициясын тастыктоодо Ж.Э. Кожобекова улуттук коопсуздукка коркунуч келтирүүгө байланыштуу учурларда, анын ичинде террордук ишке катышкан же чет мамлекеттердин куралдуу түзүмдөрүндө кызмат өтөгөн учурларда, жарандыкты натуралдаштыруу тартибинде алган адамдардын жарандыгын токтотууга жол берген бир катар чет мамлекеттердин мыйзамдарына салыштырма-укуктук талдоону келтирди. Мында эл аралык практикада мындай чараларга жол берилүүсү алардын жекече колдонулушу, тиешелүү жагдайлардын далилдениши жана өлчөмдөштүк принцибинин сакталышы менен шарттала тургандыгына көңүлдү бурду.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) институтунун өкүлү А.К. Назаралиева, тескерисинче, арыз ээсинин жүйөлөрүн колдоду. Анын пикири боюнча, мыйзамдарда талашылып жаткан ченемди колдонуунун так критерийлеринин жоктугу инсандын укуктук статусуна ченемсиз кийлигишүү тобокелдигин жаратат.

Ал ошондой эле улуттук коопсуздукка коркунуч келтирген иштин бар экендиги жөнүндө тыянак документтер менен ырасталган жагдайларга негизделүүгө жана күнөөсүздүк презумпциясы принцибин эске алууга тийиш экендигин белгиледи. Андай болбосо, Акыйкатчы институтунун өкүлүнүн пикири боюнча, талашылып жаткан ченемди колдонуу адамды соттук териштирүүсүз иш жүзүндө жоопкерчиликке тартууга алып келиши мүмкүн.

Ошону менен бирге А.К. Назаралиева тиешелүү ченемди колдонуунун негиздери мыйзамдык деңгээлде конкреттештирилип жана так критерийлери белгиленген учурда, аны укук колдонуу практикасында колдонууга жол берилиши мүмкүн экендигин белгиледи.

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги талашылып жаткан маселе боюнча өзүнүн позициясын билдирбестен, миграция, мекендештердин, кайрылмандардын

жана качкындардын статусу маселелерине тиешелүү статистикалык жана маалыматтык материалдарды берүү менен гана чектелген.

Конституциялык сот тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, үчүнчү жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп жана иштин материалдарын изилдеп чыгып, төмөнкүдөй тыянакка келди.

1. "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, Конституциялык сот кайрылууда козголгон предмет боюнча анын ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн жараткан бөлүгүнө карата гана актыларды чыгарат.

Ошентип, ушул иш боюнча Конституциялык сотунун кароосунун предмети болуп "Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө" Мыйзамдын төмөнкүдөй редакцияда баяндалган 26-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-1-пункту саналат:

"26-берене. Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготуу

…

2. Кыргыз Республикасынын жарандыгы төмөнкү негиздер боюнча жоготулат:

2-1) туулгандыгы боюнча Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналбаган, Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуунун натыйжасында Кыргыз Республикасынын жарандыгын алган Кыргыз Республикасынын жараны Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна коркунуч келтирген ишти жүргүзгөн, же чет мамлекеттин аракеттеги аскердик кызматында, укук коргоо органдарында же атайын кызмат органдарында кызматта турган учурда.".

2007-жылдын 21-майындагы №70 "Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө" Мыйзам мыйзамдарда белгиленген тартипте кабыл алынган, "Эркин-Тоо" гезитинин 2007-жылдын 1-июнундагы №39 санында жарыяланган, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы болуп саналат.

2. Конституциянын 51-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын жарандыгы адамдын мамлекет менен өз ара укуктарында жана милдеттеринде чагылдырылган туруктуу укуктук байланышын билдирет. Муну менен Баш Мыйзам жарандыкты адамдын мамлекетке укуктук таандыктыгын аныктоочу инсандын конституциялык статусунун негиз түзүүчү элементтеринин бири катары бекитет.

Жарандык, өз маңызы боюнча, формалдуу каттоо абалы же эсепке алуу категориясы менен гана чектелбейт. Ал базалык коомдук-укуктук институт катары чыгат, ал аркылуу адам конституциялык жактан уюшулган коомдоштукка кошулат, мамлекеттин мүчөсү катары таанылат жана Кыргыз Республикасынын жаранынын статусуна ээ болот.

Жарандыктын конституциялык-укуктук мааниси өз ара байланышкан эки аспектиде көрүнөт. Бир жагынан, ал адамга Кыргыз Республикасынын жаранынын укуктарынын, эркиндиктеринин жана милдеттеринин толук көлөмүн таануунун негизи болуп саналат. Экинчи жагынан, ал мамлекетке бул статусту урматтоо, камсыз кылуу жана коргоо, анын ичинде Кыргыз Республикасынын жарандарын анын чегинен тышкары жерлерде коргоону жана колдоону камсыз кылуу милдетин жүктөйт.

Андыктан жарандыктын туруктуулугу өз алдынча конституциялык мааниге ээ. Бул адам менен мамлекеттин ортосундагы укуктук байланыш келип чыккандан кийин тиешелүү статус убактылуу, шарттуу же мамлекеттик бийликтин өзүм билемдик менен кароосуна көз каранды катары каралышы мүмкүн эместигин билдирет. Жарандык адамдын мамлекетке укуктук таандыктыгынын туруктуулугун жана анын конституциялык статусунун негизсиз токтотуудан корголушун болжолдойт.

Мында жарандыктын мындай туруктуулугу аны алуу, бекитүү, тариздөө, сактоо же токтотуу маселелерин мыйзамдык жөнгө салууну жокко чыгарбайт. Бирок мындай жөнгө салуу Конституцияда белгиленген чектерде жүзөгө ашырылууга жана жарандык адамдын айрым бир субъективдүү укугун эмес, жалпысынан анын конституциялык статусун козгой

тургандыгына негизделүүгө тийиш. Демек, бул укуктук байланыштын келип чыгышынын, сакталышынын жана токтотулушунун бардык юридикалык мааниге ээ шарттары так, алдын ала болжолдоого мүмкүн болгон, объективдүү негизделген жана өлчөмдөш болууга тийиш.

3. “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Мыйзам жарандыкты конституциялык түшүнүүнү өнүктүрүп, аны алуунун ар кандай негиздерин: туулгандыгы боюнча, жарандыкка кабыл алуунун натыйжасында, калыбына келтирүү тартибинде, ошондой эле мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде каралган негиздер боюнча же тартипте алууну карайт (11-берене).

Бул негиздер өздөрүнүн юридикалык табияты, фактылык курамы жана адамдын мамлекет менен укуктук байланышынын келип чыгуу тартиби боюнча айырмаланат.

Туулгандыгы боюнча жарандык туулгандык фактысына байланыштуу мыйзамда каралган жагдайлардын негизинде келип чыгат жана укуктук доктринада салттуу түрдө филиация деп аталган баштапкы мүнөзгө ээ. Бул учурда адамдын мамлекетке таандыктыгы туулгандык фактысынын жана ата-энесинин жарандыгына, адамдын тегине же анын туулган жерине байланыштуу мыйзамда каралган филиация шарттарынын түздөн-түз укуктук натыйжасы болуп саналат жана адамдын өзүнүн эрк билдирүүсүнө же мамлекеттик бийлик тарабынан анын жүрүм-турумуна алдын ала баа берүүгө көз каранды эмес.

Жарандыкка кабыл алуунун, башкача айтканда, натуралдаштыруунун натыйжасында алынган жарандык башка укуктук табиятка ээ. Ал, бир жагынан, адамдын Кыргыз Республикасы менен туруктуу укуктук байланыш түзүүгө болгон эрк билдирүүсүн, экинчи жагынан, Мыйзамда каралган жарандыкка кабыл алуу шарттары сакталган жана мындай кабыл алуудан баш тартуу үчүн негиздер жок болгон учурда кабыл алынуучу мамлекеттин компетенттүү органынын чечимин болжолдойт (13 жана 16-беренелер). Бул

учурда жарандык түздөн-түз туулгандык фактысынан эмес, адамды Кыргыз Республикасынын жарандарынын курамына киргизүүчү мамлекеттин жекече укуктук актысынын негизинде келип чыгат.

Жарандыкты калыбына келтирүү Мыйзамда белгиленген тартипте токтотулган адамдын мамлекет менен мурда болгон укуктук байланышынын жаңыланышын билдирет. Анын юридикалык табияты туулгандыгы боюнча жарандыктан да, жарандыкты кабыл алуудан да айырмаланат, анткени калыбына келтирүүдө укуктук байланыштын баштапкы келип чыгышы да, адамдын жарандардын курамына алгачк жолу киргизилиши да эмес, адамдын Кыргыз Республикасынын жарандыгына мурда таандык болгон фактысы мааниге ээ.

Эл аралык келишимдерден келип чыккан негиздер боюнча жарандыкты алуу жарандык маселелеринде улуттук жана эл аралык-укуктук жөнгө салуунун конституциялык жактан жол берилген өз ара аракеттенүүсүн чагылдырат. Бул учурда, жарандыктын келип чыгышы Кыргыз Республикасынын укуктук тартиби тарабынан таанылган атайын келишимдик механизм менен байланышат.

Бул мыйзам чыгаруучу жарандыкты алуу, тастыктоо, аны алуунун мыйзамдуулугун текшерүү, сактоо же токтотуу маселелерин жөнгө салууда жарандыкты алуунун ар бир негизинин өзгөчөлүктөрүн эске алууга укуктуу экендигин билдирет. Мындай эске алуу Мыйзам жарандыктын келип чыгышын байланыштырган юридикалык жагдайлардын айырмачылыгы менен шартталат жана биринчи кезекте тиешелүү негизди ишке ашыруунун шарттарына, тартибине жана кесепеттерине тиешелүү. Бирок жарандык келип чыккандан кийин көрсөтүлгөн айырмачылык жарандын конституциялык-укуктук статусундагы айырмачылыкка айланышы мүмкүн эмес.

Мындай мамиле Мыйзамда да түздөн-түз чагылдырылган, ага ылайык Кыргыз Республикасынын жарандары жарандыкты алуунун негиздерине жана тартибине карабастан Конституцияга ылайык бирдей укуктарга,

эркиндиктерге жана милдеттерге ээ. Башкача түшүнүү жарандыктын туруктуулугунун ар кандай деңгээлине жол берүүнү жана конституциялык-укуктук статусу азыраак корголгон жарандардын айрым категорияларынын болушун билдирмек, бул жарандыктын адам менен мамлекеттин ортосундагы туруктуу укуктук байланыш катары табиятына туура келбейт.

Демек, жарандыкты алуу ыкмасы тийиштүү негиздин юридикалык табияты жана жөнгө салуунун конституциялык жактан негизделген максаты менен шартталган чектерде гана укуктук мааниге ээ болушу мүмкүн. Ал өзүнөн өзү жарандыктын кепилдиктерин алсыратуу, жарандардын айрым категорияларына азыраак корголгон статус берүү же алардын мамлекет менен укуктук байланышына шарттуу мүнөз берүү үчүн негиз катары колдонулушу мүмкүн эмес.

Тиешелүү жөнгө салууга ал конституциялык мааниге ээ максатты көздөгөн, объективдүү жана юридикалык жактан текшерилүүчү критерийлерге негизделген, зарылчылык жана өлчөмдөштүк талаптарына жооп берген жана Кыргыз Республикасынын жаранынын статусунун маңыздык мазмунун козгобогон өлчөмдө гана жол берилет.

4. Жогоруда туюндурулган мыйзам чыгаруучунун карoo эркиндигинин чектери жарандыкты токтотуу жаатында өзгөчө конституциялык-укуктук мааниге ээ болот, анткени бул учурда жөнгө салуунун предмети болуп адамдын мамлекет менен укуктук байланышынын келип чыгышы эмес, жарандын мурдатан калыптанган статусунун токтотулушу саналат. Бул жаатта жаранды өз жарандыгынан ажыратууга тыюу салууну бекиткен Конституциянын 51-беренесинин 2-бөлүгү система түзүүчү конституциялык чектегич болуп саналат.

Бул тыюу салуу формалдуу-юридикалык гана эмес, ошондой эле маңыздык мааниге ээ. Ал жарандыкты адамдын мамлекетке туруктуу саясий-укуктук таандыктыгы катары коргоого багытталган жана мамлекеттик бийликтин эрки боюнча бул байланышты өзүм билемдик менен токтотуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат.

Конституциялык-укуктук маанисинде жарандыктан ажыратуу тарыхый- доктриналык жактан санкциялык, ал эми айрым учурларда мамлекеттик таасир этүүнүн квазижазалоочу чарасына жакын турат. Анын маңызы жарандыктын келип чыгышындагы юридикалык кемчиликти констатациялоодо да, объективдүү юридикалык фактынын мыйзамда алдын ала каралган кесепетинин келип чыгышында да эмес, мамлекеттик таасир этүүнүн жагымсыз чарасы катары адамдан мурдатан таанылган жарандык статусун мажбурлап алып коюуда турат. Мында жарандык иш жүзүндө бийликтин репрессивдүү кароо эркиндигинин объектиси жана адамга таасир этүүнүн каражаты катары колдонулат.

Дал ошондуктан жарандыктан ажыратууга конституциялык тыюу салуу жарандыкты токтотууну башка аталыштагы санкция катары конструкциялоо мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат. Башкача түшүнүү анын иш жүзүндөгү мазмунун сактоо менен юридикалык конструкцияны формалдуу өзгөртүү жолу аркылуу Конституциянын 51-беренесинин 2-бөлүгүндө белгиленген тикелей тыюу салууну айланып өтүүгө мүмкүндүк бермек.

Ошол эле учурда көрсөтүлгөн конституциялык тыюу салуудан жарандыкты ар кандай токтотууга жол берилбейт деген тыянак келип чыкпайт. Конституция мыйзам чыгаруучунун жарандыкты токтотуунун негиздерин жана тартибин аныктоо боюнча ыйгарым укуктарын жокко чыгарбайт. Муну өнүктүрүү менен «Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө» Мыйзам жарандыктан чыгуунун, жарандыкты жоготуунун натыйжасында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринде каралган негиздер боюнча жарандыкты токтотууну карайт. Демек, жарандыкты токтотуунун мыйзамда каралган формаларынын бири катары жарандыкты жоготуу өзүнөн өзү жарандыктан ажыратууга теңдеш эмес.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен жарандыкты токтотуунун, анын ичинде аны жоготуунун жол берилиши менен тыюу салынган жарандыктан ажыратуунун ортосундагы принципиалдуу чек тиешелүү

мыйзамдык конструкциянын аталышында эмес, анын реалдуу мазмунунда жатат. Конституциялык жактан маанилүү болуп мындай конструкцияны колдонуунун негизи, юридикалык маанилүү жагдайлардын мүнөзү, ченемдин аныктыгынын даражасы, аларды белгилөөнүн жол-жобосу жана адамдын статусу үчүн кесепеттери саналат.

Ошентип, жарандыкты токтотуу, анын ичинде жоготуу формасында токтотуу өзүнөн өзү Конституцияга карама-каршы келбейт. Бирок, ал объективдүү юридикалык кесепеттин табиятын сактаган жана башка укуктук форманын жамынуу менен адамдын мурдатан пайда болгон жарандык статусун мажбурлап алып салуу үчүн колдонулбаган учурда гана конституциялык жактан жол берилүүчү болуп саналат.

5. Бул тыянак конституциялык контролдоо органынын жарандыкты жоготуу маселелери боюнча мурда туюндурудган укуктук позицияларына кайрылуу зарылдыгын шарттайт. Мындай кайрылуу конституциялык сот адилеттигинин үзгүлтүксүздүгүн жана анын укуктук мамилелеринин туруктуулугун камсыз кылат. Бирок, үзгүлтүксүздүк жарандык маселелерин жөнгө салуунун конституциялык негизи өзгөргөн өлчөмдө бул позицияларды тактоо зарылдыгын жокко чыгарбайт.

Ушуга байланыштуу, Конституциялык сот Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2017-жылдын 29-мартындагы Чечимин эске алат, анда эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту колдоо боюнча расмий милдеттерди аткарган учурларды кошпогондо, адамдын чет мамлекеттин аскердик же чалгындоо кызматына киришинин, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жерде террористтик же экстремисттик кылмыш жасоо үчүн зарыл болгон билгичтиктерди жана көндүмдөрдү алууга багытталган даярдыктан өтүшүнүн, ошондой эле чет мамлекеттин аймагындагы куралдуу жаңжалдарга же согуш аракеттерине катышуусунун натыйжасында жарандыкты жоготууну мыйзамдык жөнгө салууга баа берилген.

Аталган Чечимде жарандыкты жоготуу институту жарандыктан ажыратууну конституциялык-укуктук түшүнүү менен өз ара байланышта каралган. Конституциялык палата адам менен мамлекеттин ортосундагы мамилелердин аякташынын формасы катары жарандыктын токтотуу жарандыктан чыгуу жана аны жоготуу (ажыратуу) аркылуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн деген негизге таянган. Мында жарандыктан ажыратуу жарандын жүрүм-туруму мамлекеттин кызыкчылыктарына жана мыйзамдарына шайкеш келбеген учурда мамлекет колдоно турган санкциялык чара катары мүнөздөлгөн. Ошол эле учурда жарандыкты токтотуу маселелерин чечүүдө өзүм билемдикке жол бербөөчү негиздерди, шарттарды жана жол-жоболорду мыйзамда так бекитүү зарылдыгы баса белгиленген.

Муну эске алуу менен, мурда туюндурулган укуктук позициялар, биринчи кезекте, мыйзамдык жөнгө салуунун тактыгына, өзүм билемдик менен кароого жол берилбестигине жана процесстик кепилдиктердин зарылдыгына карата талаптар бөлүгүндө өз маанисин сактайт. Ошол эле учурда, алар башка конституциялык-укуктук моделдин шартында түзүлгөн, анда 2010-жылдагы  редакциядагы Конституциянын 50-беренесинин 2-бөлүгү менен жарандыктан ажыратуу мүмкүнчүлүгү конституциялык мыйзамда белгиленген учурларда жана тартипте каралган.

Колдонуудагы Конституция жарандыктын туруктуулугунун кепилдиктеринин башка, кыйла жогорку деңгээлин бекитип, бир да жаран өзүнүн жарандыгынан ажыратылышы мүмкүн эместигин түздөн-түз белгилейт. Муну менен ал тиешелүү жол-жоболорду мыйзамдык жөнгө салууга карата талаптарды жогорулатуу менен гана чектелбестен, аны ченемдик жактан тариздөөнүн формасына жана тартибине карабастан, жарандыктан ажыратууга мыйзамдык жол менен жол берүү мүмкүнчүлүгүнүн өзүн жокко чыгарат. Ошондуктан мурда туюндурулган укуктук позициялар өзүнчө жана өзгөргөн конституциялык жөнгө салуудан бөлүнүп каралбастан, Конституциянын 51-беренесинин 2-бөлүгүндө

бекитилген жарандыктан ажыратууга карата колдонуудагы тыюу салуу менен өз ара байланышта эске алынууга тийиш.

Муну менен мурда туюндурулган позиция өзүнүн маанисин жоготпойт, бирок башка конституциялык контекстте: жарандыкты санкциялык негизде токтотууга жол берилерин таануунун негизи катары эмес, жарандын буга чейин пайда болгон статусун токтотууга алып келүүчү ар кандай мыйзамдык механизмдин тактыгына, далилденгендигине, өлчөмдөштүгүнө жана жол-жоболук жактан корголушуна карата жогорулатылган талаптардын ырастоосу катары колдонулууга тийиш.

6. Мыйзамдын талашылып жаткан 26-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-1-пунктунун жобосуна ылайык, эгерде туулгандыгы боюнча Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналбаган, Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуунун натыйжасында Кыргыз Республикасынын жарандыгын алган Кыргыз Республикасынын жараны Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна коркунуч келтирген ишти жүргүзсө, же чет мамлекеттин аракеттеги аскердик кызматында, укук коргоо органдарында же атайын кызмат органдарында кызматта турса, Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготот.

Ушул Чечимдин 3-пунктунда белгиленгендей, жарандыкты алуу ыкмасы тиешелүү негиздин юридикалык табияты жана жөнгө салуунун конституциялык жактан негизделген максаты менен шартталган чектерде гана укуктук мааниге ээ болушу мүмкүн. Ал алынган жарандыкка азыраак корголгон мүнөз берүү үчүн колдонулушу мүмкүн эмес. Андыктан талашылып жаткан ченемде жарандыкка кабыл алуу тартибинде жарандыкты алуу фактысынын өзү гана эмес, мыйзам чыгаруучу адамдын Кыргыз Республикасы менен укуктук байланышын сактоо маселесин байланыштырган, андан кийин келип чыккан юридикалык мааниге ээ жагдайлардын болушу конституциялык жактан маанилүү болуп саналат.

Жарандыкка кабыл алуу тиешелүү чечим кабыл алынган учурга карата мыйзамда каралган шарттарды жана тоскоолдуктарды баалоону болжолдойт.

Бирок жарандык белгиленгенден кийин, жарандыкты берүү учурунда болбогон же бааланышы мүмкүн болбогон, бирок өзүнүн мүнөзү боюнча адамдын Кыргыз Республикасына укуктук таандыктыгынын туруктуулугуна таасир этиши мүмкүн болгон жаңы жагдайлар келип чыгышы мүмкүн. Бул мааниде талашылып жаткан ченем жарандыкты алуу ыкмасынын өзүнөн улам жарандын статусун кайра карап чыгууга эмес, натуралдаштыруудан кийин келип чыккан жана мындай байланышты сактоо үчүн мааниге ээ болгон жагдайларга укуктук баа берүүгө багытталган.

Мындай жагдайлардын катарына мыйзам чыгаруучу, бир жагынан, адамдын чет мамлекеттин аракеттеги аскердик кызматында, укук коргоо органдарында же атайын кызмат органдарында кызматта турушун, экинчи жагынан, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна коркунуч келтирген ишти жүргүзүшүн киргизген. Бул негиздер жалпы коомдук-укуктук багыттуулугу менен бириктирилген: алар адамдын кийинки жүрүм-туруму же укуктук абалы мамлекеттин коопсуздугуна жана анын Кыргыз Республикасы менен туруктуу байланышынын мүнөзүнө таасир этиши мүмкүн болгон кырдаалдарга тиешелүү.

Мында адамдын чет мамлекеттин аракеттеги аскердик кызматында, укук коргоо органдарында же атайын кызмат органдарында кызматта турушу кыйла конкреттештирилген негиз болуп саналат, анткени ал чет мамлекеттин кызыкчылыгында коомдук-кызматтык функцияларды аткаруу фактысын белгилөөнү болжолдойт. Мындай жагдай объективдүү текшерүүгө жатат жана өзүнүн табияты боюнча адамдын Кыргыз Республикасы менен укуктук байланышы жана анын башка мамлекеттин коомдук институттарына кызматтык таандыктыгы ортосундагы карама-каршылыктын бар экендигин айгинелеши мүмкүн.

Ал эми Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна кооптуулук жараткан иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу аркылуу билдирилген негиз башкача мүнөзгө ээ. Талашылып жаткан ченемдин дал ушул бөлүгү бул иш боюнча конституциялык-укуктук күмөн саноонун негизги предметин түзөт,

анткени арыз ээси бул туюнтманын баалоочу мүнөзүн, аны кеңири чечмелөө мүмкүнчүлүгүн жана «Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө» Мыйзамда мындай иш катары таанылышы мүмкүн болгон аракеттердин толук тизмесинин жоктугун көрсөтөт.

Бул жүйөлөрдү баалоодо Конституциялык сот улуттук коопсуздукту коргоо Конституцияда адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери мыйзам менен чектелиши мүмкүн болгон максаттардын катарына тикелей киргизилгендигине негизденет. Мында Конституциянын 23-беренесинин 2-бөлүгү бир эле учурда мындай кийлигишүүнүн чегин белгилейт, киргизилген чектөөлөр ушул максаттарга өлчөмдөш болушун талап кылат. Демек, улуттук коопсуздук укуктук жөнгө салуунун конституциялык таанылган максаты болуп саналат, бирок, ага шилтеме жасоо мыйзам чыгаруучуну жана укук колдонуучуну аныктык, зарылчылык жана өлчөмдөштүк талаптарынан бошотпойт.

Тиешелүү түрдө, талашылып жаткан ченем улуттук коопсуздук чөйрөсүндөгү мыйзамдардан бөлүнүп каралышы мүмкүн эмес, тескерисинче, алар менен системалуу байланышта колдонулууга тийиш.

Алсак, "Улуттук коопсуздук жөнүндө" Мыйзамга ылайык, улуттук коопсуздук – бул инсандын, коомдун жана мамлекеттин өтө маанилүү таламдарын ички жана тышкы коркунучтардан коргоого алынышынын кепилдигин билдирет. Улуттук коопсуздуктун негизги объекттерине: инсан – анын укуктары менен эркиндиги; коом – анын материалдык жана рухий байлыктары; мамлекет – анын конституциялык түзүлүшү, эгемендүүлүгү жана аймактык жактан бүтүндүгү кирет. Улуттук коопсуздукка коркунуч – көрсөтүлгөн турмуштук маанилүү кызыкчылыктарга коркунуч жараткан шарттар менен факторлордун жыйындысы катары аныкталат (1 жана 3-беренелер).

Муну менен улуттук коопсуздук жөнүндө мыйзамдар талашылып жаткан формулага ченемдик мазмун берет жана аны коомдук кызыкчылыкка абстракттуу шилтеме деңгээлинде калтырбайт. Улуттук коопсуздукка

коркунуч келтирген иш-аракеттерди, коомдук бийликтин нааразычылыгын жараткан адамдын кандайдыр бир жүрүм-туруму, анын мамлекеттик органдардын чечимдерине лоялдуулугунун жалпы мүнөздөмөсү же формалдуу макул эместиги катары түшүнүлүшү мүмкүн эмес. Мында сөз өзүнүн мазмуну боюнча Конституция жана мыйзам менен корголгон адамдын, коомдун же мамлекеттин маанилүү кызыкчылыктарына коркунуч жараткан иш-аракеттер жөнүндө гана болушу мүмкүн.

Ошол эле учурда, улуттук коопсуздуктун табияты мүмкүн болгон бардык коркунучтарды алдын ала белгиленген жабык тизме менен чектөөгө мүмкүндүк бербейт. “Улуттук коопсуздук жөнүндө” Мыйзам ички жана тышкы, реалдуу жана потенциалдуу коркунучтардын бар экендигин тааныйт, ошондой эле мындай коркунучтарды аныктоону жана алдын ала айтууну улуттук коопсуздук системасынын функцияларынын бири катары карайт (3 жана 9-беренелер). Бул келип чыгуу булактары, көрүнүү ыкмалары жана корголуучу кызыкчылыктарга таасир этүү даражасы боюнча айырмаланган өзгөрүлмө жана ар түрдүү коркунучтардын кеңири чөйрөсүнө укуктук чара көрүү зарылдыгы менен шартталган. Андыктан, тиешелүү жөнгө салуу кооптуу жүрүм-турумдун бардык мүмкүн болгон формаларынын толук каталогу менен эле чектелбейт.

Бирок бул категориянын ачык мүнөзү чексиз кароо эркиндигине жол берилерин билдирбейт. “Улуттук коопсуздук жөнүндө” Мыйзам Конституцияны жана мыйзамдарды сактоо, адамдын негизги укуктары менен эркиндиктерин урматтоо, коркунучтарга көрүлгөн чаралардын адекваттуулугу, инсандын, коомдун жана мамлекеттин турмуштук маанилүү кызыкчылыктарынын теңдемин сактоо принциптерин бекемдейт (5-берене). Мындан тышкары, ал улуттук коопсуздукту камсыз кылууда укуктар менен эркиндиктерди чектөөгө Конституцияда жана мыйзамдарда каралган учурларда гана жол берилерин жана мындай чектөөлөр белгиленген максаттарга өлчөмдөш болушу керектиги ачык айтылган (7-берене).

Ушуга байланыштуу талашылып жаткан ченемге карата укуктук аныктык мүмкүн болгон бардык коркунучтардын жабык тизмеси менен эмес, тиешелүү категориянын мазмунун чектеген конституциялык жана мыйзамдык багыттардын болушу менен камсыз кылынат. Жарандыкты жоготуу үчүн мындай иш-аракет мыйзам менен корголучуу улуттук коопсуздук объекттерине тиешеси бар жана инсандын, коомдун же мамлекеттин турмуштук маанилүү кызыкчылыктарына реалдуу кооптулук жараткан адамдын конкреттүү аракеттеринде, байланыштарында, катышуу формаларында же башка жүрүм-турумунда туюндурулууга тийиш.

Мындай түшүнүүдө талашылып жаткан негизди колдонуу окуялардын жагымсыз жагына өнүгүшүнүн жалпы мүмкүнчүлүгүн белгилөөнү эмес, адамдын жүрүм-туруму менен Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна коркунучтун ортосундагы конкреттүү байланышты аныктоону талап кылат. Мындай байланыш жекелештирилиши, далилдениши жана юридикалык жактан текшерилиши керек. Коркунучтун өзгөчө мүнөзү эмнеде экендигин, анын кайсы корголгон кызыкчылыктарга тиешеси бар экендигин жана адамдын жүрүм-туруму кандайча тиешелүү коркунучту жаратаарын ачып көрсөтпөстөн, улуттук коопсуздукка шилтеме берүү Мыйзамдын 26-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-1-пунктун колдонуу үчүн жетиштүү негиз боло албайт.

Дал ушул конституциялык-укуктук мааниде “Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна коркунуч келтирген иш-аракеттер” деген сөз айкашы укуктук аныктыктын талаптарына жооп берет. Бул жарандыктан ажыратуу негиздерин өзүм билемдик менен кеңейтүүнү билдирбейт, бирок Конституцияда, “Улуттук коопсуздук жөнүндө” Мыйзамда жана адам менен мамлекеттин ортосундагы туруктуу байланыш катары жарандыктын укуктук табияты менен белгиленген чектерде колдонулууга жатат.

Ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн 4-пунктунда билдирилген тыянактарды эске алуу менен, көрсөтүлгөн негиз мамлекеттин жарандын

инсандыгына, көз караштарына, болжолдонгон ишенимсиздигине же башка мүнөздөмөлөрүнө баа берүүчү реакция катары колдонулбастан, улуттук коопсуздукка реалдуу коркунучту объективдүү түрдө айгинелеген кийинки конкреттүү жагдайларга карата колдонулганда гана жол берилген юридикалык кесепеттин мүнөзүн сактай алат. Талашылып жаткан ченемди колдонуунун конституциялык жактан жол берилген чеги ушунда турат.

7. Конкреттүү иште талашылып жаткан ченемди колдонуу “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Мыйзамдын 26-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготуу жөнүндө чечимдин Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кабыл алынышын болжолдойт. Мындай чечим, жарандык маселелери боюнча башка чечимдер сыяктуу эле, аталган Мыйзамдын 41-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык сот тартибинде даттанылышы мүмкүн.

Жарандыкты жоготуунун кесепеттеринин мүнөзүн эске алуу менен, мындай чечимди соттук текшерүү өз алдынча конституциялык мааниге ээ. Ал Мыйзамдын 26-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-1-пунктунун конкреттүү иште колдонулушу ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн 6-пунктунда ачып көрсөтүлгөн конституциялык-укуктук маанинин чегинде калышын жана Конституциянын 23-беренесинин 2-бөлүгүнөн жана 51-беренесинин 2-бөлүгүнөн келип чыгуучу кепилдиктерге ылайык келишин камсыз кылат.

Мында сот улуттук коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдарды алмаштырбайт, ошондой эле бул чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын максатка ылайыктуулугуна баалоо жүргүзбөйт. Анын милдети конкреттүү адамга карата белгилүү бир чараларды колдонуунун мыйзамдуулугун текшерүү болуп саналат. Бул максаттарда сот – чечимде тиешелүү коркунучтун мүнөзү ачып көрсөтүлгөнбү, Конституция жана мыйзам менен корголгон, даректелген бакубаттык көрсөтүлгөнбү, адамдын жүрүм-туруму менен коркунучтун ортосундагы байланыш тастыкталганбы, ошондой эле өлчөмдөштүк талабы аткарылганбы деген жагдайларга баа берүүгө тийиш.

Улуттук коопсуздук чөйрөсүнө тиешелүү маалыматтардын болушу мамлекеттин коркунучтун бар экендиги жөнүндө тыянактын юридикалык жактан текшерилүүсүн камсыз кылуу милдетин жокко чыгарбайт. Мындай маалыматтарга жетүүнүн атайын режими болгондуктан, текшерүүнү жарандыкты жоготуу жөнүндө чечимдин өзүн соттук көзөмөлдүн чектеринен чыгарбастан, тиешелүү маалыматты коргоо боюнча мыйзамда белгиленген алаптарды сактоо менен жүргүзүү керек.

Жарандыкты жоготуунун адамдын укуктук абалы үчүн кесепеттери, анын ичинде апатридизм тобокелдиги өзгөчө бааланууга тийиш. Жарандык чөйрөсүндөгү эл аралык укуктук мамилелер ар бир адамдын жарандыкка болгон укугун таанууга жана аны өзүм билемдик менен жоготууга жол-берилбестигине, ошондой эле адамдын кайсы-бир мамлекет менен туруктуу укуктук байланышы жок калган жарансыздык абалды болтурбоого негизделген. Ошондуктан, талашылып жаткан ченемди колдонуу жарандыкты жоготуу апатридизмге алып келерин жана мындай кесепеттерди алдын алуу же аларды жоюу үчүн укуктук механизмдер бар-жогун эске албастан ишке ашырылышы мүмкүн эмес.

Ошентип, жарандыкты жоготуу жөнүндө чечим ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн 6-пунктунда ачып көрсөтүлгөн критерийлерге ылайык келүүсү боюнча натыйжалуу соттук текшерүүгө жатат, ал эми аны колдонууда адамдын укуктук абалы үчүн кесепеттер, анын ичинде апатридизм тобокелдиги эске алынууга тийиш.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, 4, 5-бөлүктөрүн, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 48, 49, 52 жана 53-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Ч Е Ч Т И:**

1. “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-1-пункту Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 51-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

2. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын укук колдонуу практикасы Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун ушул Чечиминин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүндө баяндалган укуктук позицияларына негизделиши керек.

3. Чечим акыркы жана даттанууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

4. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш.

5. Ушул Чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайтында жана “Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысында” жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**